**" Апакем "**

Сөзү: Асанбекова Лариса Шейшеналиевна

Обону: Байзаков Сааданбек

Апаке келди мына март майрамы

А бирок мен куттуктап баралбаймын

Дүйнөдөн өтүп кеткен сизди эми

Арман ай издесем да табалбаймын

Ай апакем ай берекем, ай берекем апакем

Жолумду тосуп мени күтөөр элең

Уулуңа мээрим чачып түтөөр элең

Аттиң ай ошол күндөр кайра келсе

Сагынчым айтып сизге бүтөөр белем

Ай апакем ай берекем, ай берекем апакем

Сый урмат келин уулдун көрөөр кезде

Эр жетип эми көңүл бөлөөр кезде

Апаке арман кылып кете бердиң

Ак сүтүн актап уулуң төлөөр кезде

Ай апакем ай берекем, ай берекем апакем